УДК:17.022.1(575.2)

*Адышева Назгүл Кабылбековна, окутуучу*
*E-mail: n_adysheva@mail.ru*
*Кыргыз-Өзбек университети*

**МОРАЛЬ ТҮШҮНҮГҮНӨ ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ**

**МОРАЛЬ С ФИЛОСОФСКОЙ ТОЧКИ ЗРЕНИЯ**

**MORAL IN PHILOSOPHICALL VIEW POINT**

***Аннотация:*** *Бул макалада философиялык аспект катарында коомдогу аң-сезимдин бир формасы катарында жана социалдык кубулуштун формасы катарында мораль проблемасы каралган. Нравалуулуктун өнүгүшү катары Гегелдин мораль жөнүндөгү идеяларын камтып терең окуп үйрөнүү аспектисин өз ичине камтыган.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается проблема морали как социальное явление и как форма общественного сознания в философском аспекте. В данном аспекте раскрывается роль и место морали в обществе также глубже раскрываются идеи Гегеля о морали, как о нравственном развитии. Определяя многогранности функции морали, раскрывается его социальная роль.*

***Abstract:*** *The article deals with the problem of morality as a social phenomenon and as a form conscequisness in the philosophical aspect, the role and place of morality in society is also reveilable, the ideas of Hegel on morality as moral development are also deep. Defining the multifaceted function of morality, its social role is revealed.*

***Түйүндүү сөздөр***: *мораль, этика, нравалуулук, философия, аң-сезим, жүрүм-турум, идея.*
***Ключивые слово:*** *мораль, этика, нравственность, философия, сознания, поведение, идея.*
***Key words:*** *moral, ethic, morality, philosophy, consciousness, behaviour, idea.*

Мораль - (лат. Moralis - адептүү, mores -үрп-адатгар) - этиканын иликтөө предмети, коомдук аң-сезимдин формасы, адамдын жүрүш-турушун жөнгө салуучу функцияны аткаруучу коомдук институт (эреже - тартип). Ар кандай коомдо эбегейсиз көп сандагы адамдардын аракеттери массалык жалпы аракетке төп келтирилүүгө, өзүнүн бүткүл көп түрдүүлүгүнө карабастан жалпы социалдык белгилүү мыйзамдарга баш ийдирүүгө тийиш. Коомдук дисциплинанын башка формалары менен катар, алар менен тыгыз айкалышта жана ошону менен бирге кандайдыр өзгөчөлүктүү нерсе түзүп, мораль дал мына ушундай төп келиштирүү функциясын аткарат [4].

Мораль түшүнүгүн биринчилерден болуп б.д. VI к. Цицерон колдонгон. Ал бул терминди «mos» (mous) деген сөздөн түзгөн, бул грек тилиндеги «этос» деген сөздүн аналогу болуп эсептелет жана мүнөз, темперамент, мода, үрп-адат деген маанини түшүндүрөт. Цицерон «моралдык философия» маселесине көп көңүл бурган.

Алгачкы мезгилдерде «этика», «мораль», «нравалуулук» ар түрдүү сөз, бирок бир термин катары колдонулган. Мезгилдин өтүшү менен бул терминдердин мааниси айырмалана баштайт. Маданияттын өнүгүү процессинде этика термини илим, ал эми мораль ал илим изилдеген предмет катары каралат. Мисалы, Гегель мораль деп жүрүш-туруштун субьективдүү аспектисин, ал эми нравалуулук деп жүрүш-туруштун өзүн түшүнгөн. Мораль, бул-индивиддин жүрүш-турушка субьективдүү баа бериши, ал эми нравалуулук - реалдуу тажрыйбадагы жүрүш-туруш. Андан сырткары, маданий-тилдик салтка кайрыла турган болсок, нравалуулук катары улуу принциптер эсептелсе, мораль деп тарыхый өзгөрүүгө ээ болгон жүрүш-туруш эрежелери саналган. Мисалы, кудайдын осуяттары нравалык, ал эми окутуучунун насааты моралдык катары каралган [1].

Моралдык нормалар түбөлүк эмес, алар коомдун өнүгүшү менен өндүрүштөгү өзгөрүүлөрдүн таасиринде өзгөрүп турат. Алгачкы общиналык коомдо моралдык нормалар коомдун бардык мүчөлөрү үчүн бирдей болгон. Таптардын пайда болушу менен нормалар тигил же бул класстын кызыкчылыктарын чагылдыра баштаган, башкача айтканда, мораль класстык мүнөзгө ээ болгон.

Надстройканын бир элементи катары мораль коомдук жашоонун бардык тарабына таасир тийгизет. Эмгекке жана менчикке болгон байланышы аркылуу мораль экономика менен да тыгыз байланышга.

Коомдук ой жүтүртүүнүн тарыхый өнүгүү процессинде мораль түшүнүгү бир нече аныктамаларга ээ болду, алар төмөнкүлөр:

а) мораль маданият дүйнөсүнө таандык, ал өзгөрмөлүү, «экинчи жаратылыш», индивиддердин ортосундагы мамиле болуп эсептелет.

б) мораль инсанды коомдо жашоо, башка адамдар менен гармониялуу мамиле түзүү жөндөмдүүлүгү боюнча мүнөздөйт, бул термин адамдын коомдук күч катары жетилгендигин, жеке өнүгүшүнүн денгээлин белгилейт.

в) мораль- ички детерминациянын жогорку өзгөчө денгээлиндеги баалуулук.

г) мораль жеке адам менен уруунун, адам менен адамзаттын биримдиги.

Мораль коомдук аң-сезимдин башка формаларынан (дин, илим, искусство, укук, философия, саясат) айырмаланып, белгилүү чөйрөгө гана таандык ишмердүүлүк эмес. Башкача айтканда, коомдо моралдын өнүгүшүн гана камсыз кылган уюм же ишкана жок (муну менен эч ким алектенбейт же бардык коомчулук текши алектенет деп айтса да болот).

Моралдын дагы бир өзгөчөлүгү катары анын императивдүүлүгү каралат. Императивдүүлүк буйрук, сөзсүз талап кылуу дегенди түшүндүрөт, императивдүү «сөзсүз аткарууну талап кьшуучу» деген түшүнүк.

Моралдын функцияларын төмөнкү топторго бөлүп кароого болот:

1). жөнгө салуучу (регуляциялоочу)
2). баалоо-императивдик
3). таанып-билүүчүлүк

Мораль биринчи кезекте жеке адамдын жүрүш-турушун регуляциялоонун өбөлгөсү катары кызмат өтөйт. Белгилүү болгондой, адамзат коомдук мамилелерди жөнгө салуунун бир нече өбөлгөлөрүн иштеп чыкты: укуктук, административдик, техникалык ж.б. бирок жөнгө салуунун моралдык формасы өзүнүн уникалдуулугун жоготпойт. Биринчиден, мораль эч кандай коомдук бекемдөөгө муктаж эмес, экинчиден, моралдык жөнгө салуу индивиддин коомдогу жүрүш-туруш кубулуштарын «жакшы», «жаман» деген эки топко бөлүп карайт. Ушул эки категориянын жардамы менен социумдагы бардык көрүнүштөр бааланат. Ал эми ошол баалоонун негизинде индивидге карата белгилүү императив келип чыгат: «бул шартта мындайча иш жасагын, анткени, бул жакшылык, ал эми тигил учурда андай ишке барбагын, себеби ал жамандык» [2].

Моралдын таанып - билүүчүлүк функциясы белгилүү деңгээлде баалоо функциясьнан келип чыгат. Чындыгында, моралдын тарыхый өнүгүүсүн ар бир адамдын жана жалпы коомчулуктун жогорку денгээлдеги жүрүш - туруштун татыктуу жана перспективдүү жолун издөө катары түшүндүрүүгө болот. Ар бир конкреттүү доордогу нрава, адептин абалы коомдун өзүн - өзү таанып билүүсү катары баалуу.

Жогоруда аталгандардан сырткары мораль тарбиялык, багыт берүүчүлүк, прогноздоочулук, коммуникативдик функцияларды аткарат, ал эми бул функциялар биригип, моралдын социалдык ролун аныкташат.

Ар кандай мораль социалдык-тарыхый түрдө шартталган. Анын конкреггүү көрүнүшү көптөгөн факторлор менен негизделет: материалдык өндүрүштүн тиби, социалдык катмарлашуунун мүнөзү, мамлекеттик - укуктук жөнгө салуунун абалы, баарлашуунун шарттары, коммуникациялык өбөлгөлөр, коомдо кабыл алынган баалуулуктардын системасы ж.б. Башкача айтканда, коомдогу түрдүү сапаттык типтер моралдын системасынын түрдүү типтеринин пайда болушуна алып келет жана анын ар бири өзгөчө, кайталангыс.

Адамзатгын адеп-ахлактык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшү коомдун керектөөлөрү менен шартталган мыйзам ченемдүү тарыхый процесс болуп эсептелет. Моралдын пайда болушу адамдын өзүнүн жетекчилигин, функцияларын, коомдук ишмердүүлүгүн, сырткы

чөйрөгө болгон мамилесин таанып билүү менен байланышкан. Демек, адам коомунун калыптанышы ошол эле убакта жүрүш -туруштун белгилүү моралдык нормалардын калыптанышы катары каралат.

Гегелдин идеясы боюнча «мораль» жана «нравалуулук» терминдеринин ортосунда айырмачылыктар бар, алар өз алдынча жашаган жана бири-бирин тарыхый түрдө алмашылган түшүнүктөр. Ойчул өзүнүн пикирин төмөнкүчө бекемдейт:

- нравалуулук салт аркылуу бекемделген, индивид аны менен тикеден-тике байланышкан; ал эми мораль ички ишенимдин чагылуусу;
- нравалуулук нрава, жүрүш-туруштун фактылуу практикаланган формалары менен дал келет, мораль реалдуулукка болгон терс көрүнүштүн таасиринде калыптанат.
- нравалуулукту коомдук мораль катары аныктоого болот, ал эми мораль индивидуалдык нравалуулук.

Гегель «мораль нравалуулуктан өнүп-өсүп, кайра нравалуулукка айланат»-деген.

Мораль адамдын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө эмгекте жана тиричиликте, саясатта жана илимде, үй-бүлөдө жана коомдук жерлерде бирдей роль ойнобосо да, анын жүрүш-турушун жөнгө салып турат (эмгек адептиги, кесипчилик этикасы, турмуш-тиричилик адептиги, нике үй-бүлө моралы). Бардык ушул чөйрөлөрдө моралдан тышкары жүрүш-туруштун башка жөнгө салуучулары мамлекеттин укук нормалары жана декреттери, өндүрүштүк-администрациялык тартип жоболору, уюштуруу уставдары жана инструкциялары, кызмат адамдарынын көрсөтмөлөрү да аракеттенет. Каадалар жана каада салттар, коомдук пикир, тарбиялоо-айрым адамдардын жүрүш-турушуна коомдук таасир көрсөтүүнүн бардык ушул формалары моралга байланыштуу болсо да, бүт бойдон ага таандык эмес (маселен, улуттук каада-салттар, тиричиликтеги эстетикалык нормалар, эмгекке көнүгүүнү тарбиялоо). Тигил же бул коомдун моралы баарынан мурда жүрүш-туруштун белгилүү бир мазмунун аныктаса, ал эми кандай иштөө керек экендигин үрп-адат аныктайт. Бирок бир эле жоруктун бир мезгилде экономикалык, саясий, укуктук, моралдык жана эстетикалык мааниси болгондуктан, адамдын коомдук ишинин бүткүл көп түрдүүлүгүндө жүрүш-турушунун өзгөчөлүү адептик жагын жоруктар жөнгө салынуучу жол менен гана ажыратып бөлүүгө мүмкүн. Экономикалык жөнгө салуу адамдардын материалдык таламдары аркылуу ишке ашырылат. Укук нормалары расмий мыйзамдарда бекитилет жана мамлекеттик мажбурлоо күчү менен сакталып турат. Контролдоонун администрациялык формалары кызмат адамдарынын ортосунда милдеттерди жана расмий полномочиелерди бөлүштүрүү аркылуу ишке ашырылат. Үрп-адаттар болсо коомдун турмушунда күн сайын массалык өнөкөт күчү, жалпы таанылган жана бардыгы колдоочу дисциплинанын, коомдук пикирдин бийлиги менен ишке ашырылып турат. Моралдык талаптарды ар бир адамдын орундатышын коомчулук көзөмөлдөйт. Анын үстүнө адептик маселелерде тигил же бул адамдын абройу кандайдыр бир расмий полномочиелерге, реалдуу бийликке же коомдук абалга байланышкан эмес, ал рухий аброй болуп саналат. Ал эми бул адам моралдык талаптардын мазмунун канчалык туура түшүнгөндүгүнө жана аткаргандыгына жараша болмокчу. Жөнөкөй каадалардан айырмаланып, үрп-адаттар түзүлгөн жана жалпы кабыл алынган тартиптин күчү менен жөн эле сакталып турбастан, ал кандай иштөө керек экендиги жөнүндөгү түшүнүктөргө идеялык жактан негизденет. Алардын ичинен эн жөнөкөйлөрү - нормалар өз иретинде аң-сезимдин кыйла татаалыраак формалары- моралдык принциптер, идеялар, жакшылык жана жамандык түшүнүктөрү жана башкалар аркылуу акылга сыярлык жана максатка ылайыктуу катары негизделет. Адептикте аң-сезимдин ролу өзгөчө зор. Ар бир жорук, жүрүш-туруш багыты же жалпысынан турмуш образы себептештирилиши жана бааланышы мүмкүн. Адамдарга коюлуучу моралдык талаптар жана алардын аткарылышына контроль ар бир адам туюнууга жана өзүнүн жүрүш-турушунун себебине айландырууга тийиш болгон парз сезими аркылуу жана анын жоруктарын баалоо жана өзү өзүнө баа берүү аркылуу рухий таасир көрсөтүү чаралары менен ишке ашырылат. Моралдагы жоопкерчилик укуктан айырмаланып, материалдык мүнөздө эмес, идеалдуу,

рухий мүнөздө болот. Коом иштеп чыккан адепдик түшүнүктөргө таяньш, аларды өздөштүрүп, айрьм адам өзүнүн жүрүш-турушун тигил же бул даражада өз алдынча жөнгө сальш, өзүнүн айланасын-да болуп жаткандардын бардыгынын моралдык мааниси жөнүндө түшүнүк түзө алат. Ошентип, моралда адам коомдук контролдун обьектиси катары гана эмес, ошону менен бирге өзүнүн адептик аң-сезими ынануусу, сезими, ынтаасы, сезими, абийири бар өз демилгелүү инсан (субьект) катары да чыгат. Демек, мораль адептик иш-аракеттен, адамдардьш жүрүш-турушунан, өзгөчө түрдө себептештирилген жоруктардан, жүрүш-турушту жөнгө салуунун адептикке мүнөздүү жолунан, адамдардын моралдык мамилелеринен түзүлөт. Адептик аракеттер жана мамилелер моралдык аң-сезимде чагылдырылат жана бекемделет. Бардык ушул жактардын биримдиги моралдын табиятын жана өзгөчөлүгүн аныктайт. Моралдын бул тараптарынын ортосунда карама-каршылыктар келип чыгышы мүмкүн. Адамдарга коюлуучу талаптар менен алардын өзүн алып жүрүшүнүн ортосунда ар качан белгилүү бир ылайык келбестиктер болот. Мораль - тарыхый көрүнүш, ал адамзат коомунун жалпы прогрессинин жүрүшүндө өзгөрөт жана өнүгөт. Тарыхта моралдын төмөнкү негизги типтери бири-бирин алмаштырат: общиналык-уруучулук, кул элөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык мораль жана социалисттик адептик. Тигил же бул мораль акыр аягында учурдагы коомдук мамилелерди орнотууга жана чындоого (же кулатууга) кызмат кылат. Таптык коомдо мораль да таптык мүнөзгө ээ. Ошону менен бирге моралдын өнүгүшүндө белгилүү ыраттуулук байкалат, ал жалпы адамзаттык маданияттын тарыхы прогрессин , ошондой эле ар кыл социалдык турмуш шарттарынын белгилүү жалпылыгын чагылдырат. «Адамдын таанып-билишинин бардык башка тармактарындагыдай эле, моралда да,- деп жазган Ф. Энгельс, - жалпы жолунан алганда прогресс байкалат» [3].

Мораль кандайча өнүгөт? Материалдык мамилелердеги ар кандай өзгөрүүлөр адамдарды. кызыкчылыктарынын жаңы багытын пайда кылат. Мурунку моралдык нормалар алардын жаңы кызыкчылыктарына туура келбей калат жана коомдук жаңы мамилелерди жөнгө сала албайт. Мындай шарттарда адамдардын массалык жүрүш-турушу да өзгөрүүгө учурайт. Демек, моралды; өнүгүүнүн механизминин маңызы төмөнкүчө жүруш-туруш практикасы мезгил өткөн сайын оптималдуу үлгүлөрдү табат жана алар кийин моралдык идеологиянын ортосундагы байланьш моралдык кодекс же расмий моралдык система катары калыптанат. Нравалык ишмердүүлүк, мамилелер жана демейки нравалык аң-сезим менен моралдык идеологиянын ортосундагы байланыш моралдын өздүк кыймылынын механизминин негизин жана өнүгүү шартын аныктайт.

Демек, коомдук феномен болгон моралды «жогорку жактан» таңуулоого болбойт, ал «төмөндөн» өсүп чыгат, б.а. эмпирикалык («эмпирикалык» деген сөз грек тилинен которгондо «практикалык», «тажрыйба» дегенди түшүндүрөт) деңгээлде тузулуп, калыптанат, ал эми теориялык мораль үлгү, идеал катары кызмат өтөйт [5].

**Адабияттар:**


1. Алексеев П.В. Наука и мировоззрение. - М.: Политиздат, - 1983. - С.367.
2. Аманалиев Б.А. Из истории философской мысли кыргызского народа. - Ф.: АН Кирг.ССР, - 1963.
3. Какеев А.Ч. О новых аспектах изучения истории общественной мысли в Киргизии. (1920- 1930 г.г.). Общественно-философская мысль народов в Средней Азии. -Бишкек: Илим,- 1991. -С. 251-281.
4. Философский энциклопедический словарь. Ред.-сост. Е.Ф. Губский и др. - М.: Инфра,- 1997. - С.574.
5. Чанышев А.Н. Курс лекций по древней философии. - М.: Высшая школа, - 1981.-С. 74.